Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
№ 8.4. ТОКТОМУ

25.04.2025-ж.

3.2. 2024-2025-окуу жылына карата кышкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча маалымат жана 2025-2026-окуу жылына карата бюджеттен тышкаркы орундарга кабыл алуунун негизги планын бекитүү.
*(Жооптуу Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Усенов Изат Абдраевич)*

Ж. Баласагын атындагы КУУга 2024-25- окуу жылына карата абитуриенттерди кышында кабыл алууну уюштуруу жана анын жыйынтыктары боюнча Кабыл алуу комиссиянын жооптуу катчысы И.А. Усеновдун маалымдоосун угуп жана талкуулап, абитуриенттерди кабыл алуу өнөктүгү укуктук-ченемдик актылардын негизинде, уюуштурлгандыгын эске алуу менен
Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2024-25 окуу жылына карата абитуриенттерди кышында кабыл алуу өнөктүгү ачык – айкындыктын шартында, баардык ченемдик –укуктук нормаларды сактоо менен уюушкандыкта өткөндүгүн белгилөө менен Кабыл алуу комиссиясынын иши канааттандырарлык деп табылсын жана Кабыл алуу комиссиясынын баардык мүчөлөрүнө алкыш жарыялансын.
2. Кабыл алуу өнөктүгүнүн ишин андан ары жакшыртуу үчүн кесиптик багыт берүү иши күчөтүлсүн жана рекламалык материалдарды даярдоого кете турган чыгымдар жана башка каржы маселелери өз убагында чечилсин;
3. Окумуштуулар Кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу КУУнун Кабыл алуу комиссиясынын төрагасына калтырылсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
№ 8.5. ТОКТОМУ

25.04.2025-ж.

3.3. 2025-2026-окуу жылына карата тарифтик саясат жөнүндө.
*(Жооптуу Пландоо-финансы бөлүмүнүн башчысынын орун басары Кабылбек кызы Бермет)*

КУУнун пландоо-финансы бөлүмүнүн башчысынын орун басары Кабылбек кызы Берметтин "2025-2026-окуу жылына карата тарифтик саясаты жөнүндөгү" маалыматын угуп, ар бир адистиктин курсу жана окуу формасына карата чыгашасыз бирдигин аныктоо максатында, материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү жана заманбап деңгээлине жеткирүү, окуу процессинде электрондук жана мультимедиялык билим берүү ресурстары аркылуу лекциялар менен практикалык сабак учурунда окутуунун инновациялык формаларын колдонуу, материалдык базаны оңдоо үчүн

Окумуштуулар кеңеши

*ТОКТОМ КЫЛАТ:*

1. Жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 2025-2026-окуу жылынын 1-курсунун студенттери үчүн окуу акысын көтөрүү жана төмөнкү багыттар боюнча тарифти белгилөө сунушталсын:

- **Экономиканын жогорку мектеби, юридикалык институту, Кыргыз-кытай институту** бакалавриат, магистратура, адистик күндүзгү окуу формасы *50 пайызга* жана бакалавриат, магистратура сырттан окуу формасы *40 пайызга*, адистик күндүзгү, сырттан окуу бөлүмү "Соттук экспертиза", "Бажы иши" багыты *30 пайызга* жогоруласын;
- **Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институту** бакалавриат сырттан окуу формасы *50 пайызга* жана бакалавриат, магистратура күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасы *40 пайызга* жогоруласын;
- **Чет тилдер институту, юридикалык колледжи** *40 пайызга* жана бакалавриат күндүзгү окуу формасы "Лингвистика (Немец, француз тили)", адистик күндүзгү окуу формасы "Котормо жана котормо таануу (Немец, француз тили)" *20 пайызга* жогоруласын;
- **А.Асанов атындагы менеджмент жана бизнес институту** бакалавриат, магистратура күндүзгү окуу формасы *40 пайызга* жана бакалавриат, магистратура сырттан окуу формасы *30 пайызга*, бакалавриат күндүзгү, сырттан окуу формасы "Сапатты башкаруу" *20 пайызга*, магистратура күндүзгү окуу формасы "Сапатты башкаруу" *30 пайызга* жогоруласын;
- **Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту, журналистика жана коммуникация институту, эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети, Кыргыз-европа факультети, кесиптик колледжи, эл аралык колледжи, жалпы орто билим берүү программасы** *30 пайызга* жогоруласын;
- **Тарых жана чөлкөм таануу институту, социалдык-гуманитардык илимдер институту, И.Ч.Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту, Кыргыз-япон институту, математика жана информатика**

**институту, физика жана электроника факультети, химия жана химиялык технологиялар факультети, биология факультети, география, экология жана туризм факультети, кыргыз филологиясы факультети, орус жана славян филологиясы факультети, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети, ГТИФ Ош шаарындагы, ГТИФ Нарын шаарындагы, ГТИФ Каракол шаарындагы жана ГТИФ Талас облусундагы** *20 пайызга*, бакалавриат, магистратура күндүзгү окуу формасы "Психология", "Туризм" багыттары *30 пайызга* жогоруласын;

- **Эл аралык медициналык жана илим институту** адистик күндүзгү окуу формасы "Дарылоо иши" *10 000 сом* өлчөмүндө көтөрүлсүн.

1. Жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 2025–2026-окуу жылына 1-курстун студенттери үчүн окуу акысын көтөрүү №1,2,3,4,5 тиркемелерине ылайык бекитилсин.
2. Тил үйрөнүү жана башка окуу курстарына, чет элдик жарандарды окутуу үчүн төлөмдү белгилөөдө КУУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин сунуштары эске алынсын.
3. Пландоо-финансы бөлүмү киргизилген сунуштар эске алынып, КУУнун 2025-2026-окуу жылында көрсөтүүчү билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызматтарына тарифтердин прейскуранты бекитилсин.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

№ 8.6. ТОКТОМУ

25.04.2025-ж.

1. Башталгыч, орто жана кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын Макетин жана негизги окуу пландарын бекитүү жөнүндө.

*(Жооптуу Биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректор Шамшиев Алайбек Бурканович)*

Тийиштүү багыттар боюнча КУУнун Окуу-методикалык бирикмесинин мүчөлөрү, ректордун буйругу менен бекитилген.
Билим берүү багыттары боюнча стандарттар болгону төмөнкү багыттарда иштелип чыгып, Окуу-методикалык кеңеши тарабынан бекитилди:

**ШИФР:** 531000
Багыты: Филология (орус тили)
Профили: Орус тили жана адабиятын окутуу
Билим деңгээли: Бакалавриат, Магистратура

**ШИФР:** 530300
Багыты: Филологиялык билим берүү
Профили: Орус тили жана адабияты
Билим деңгээли: Бакалавриат

**ШИФР:** 531100
Багыты: Лингвистика (орус тили чет тили катары)
Профили: Котормо жана котормо таануу
Билим деңгээли: Бакалавриат, Магистратура

Азыркы учурда жаңы багыттар боюнча стандарттарды иштеп чыгуу маселеси каралууда. Физика, тарых, жасалма интеллект, математика, кыргыз-япон институту боюнча багыттарга арыздар берилген.

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Билим берүү багыттарынын төмөнкү стандарттары бекитилсин:

**ШИФР:** 531000
Багыты: Филология (орус тили)

Профили: Орус тили жана адабиятын окутуу
Билим деңгээли: Бакалавриат, Магистратура

**ШИФР:** 530300
Багыты: Филологиялык билим берүү
Профили: Орус тили жана адабияты
Билим деңгээли: Бакалавриат

**ШИФР:** 531100
Багыты: Лингвистика (орус тили чет тили катары)
Профили: Котормо жана котормо таануу
Билим деңгээли: Бакалавриат, Магистратура

2.“Физика”, “Тарых”, “Жасалма интеллект”, “Математика” багыттары жана Кыргыз-Япон институтунун багыттарынын билим берүү стандарттары 2025-жылдын 25-майына чейин иштелип чыксын.

3. Тиешелүү түзүмдөрдүн жетекчилери билим берүү стандарттарын өз убагында иштеп чыгып, бекитүүгө берүүнү камсыз кылышсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ж.Баласагын атындагы КУУнун КУУнун Окуу-методикалык бирикмесине жүктөлсүн (жоопту – Парманасова Айсулуу Жээналиевна).

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

№ 8.7 ТОКТОМУ

25.04.2025-ж.

3. Ар түрдүү маселелер.

1.3. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кызматкерлерин Кыргыз Республикасынын сыйлыктарына сунуштоосу жөнүндө.
*(Жооптуу илимий иштер боюнча проректор Камчыбек уулу Мырзабек).*

Ж.Баласагын атындагы КУУнун илимий иштер боюнча проректор Камчыбек уулу Мырзабектин маалыматын угуп жана талкуулап Окумуштуулар кеңеши төмөнкүнү белгилейт.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдык маарекесине даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча уюштуруу комитети жана китептерди басып чыгаруу боюнча комиссия түзүлдү, университеттин маарекесин даярдоо жана өткөрүү Планы бекитилди, уюштуруу комитетинин мүчөлөрүнө иш багыттары жана жоопкерчилик чөйрөсү бекитилди. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдык маарекесин өткөрүү жана университетти мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү, ошондой эле университеттин кызматкерлерин мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктарга көрсөтүү максатында 2025- жылынын 20 - январында № 33 буйругу менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдыгын майрамдоого карата сыйлыктар боюнча комиссиясы түзүлгөн.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдыгын майрамдоого карата сыйлыктар боюнча комиссиясынын чечими менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетиндеги үзүрлүү эмгеги, ийгиликтери, келечектин жаш муундарын окутуп тарбиялоодогу жетишкендиктери жана билим берүү, илим тармагына кошкон салымы үчүн төмөндөгү кызматкерлер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктарга талапкерлиги КУУнун Окумуштуулар кеңешинин отурумуна сунушталды.

КРнын ББИМнин 2022-жылдын 23-майындагы №948/1 буйругунун негизинде министрликтин ведомстволук сыйлыктары мындан ары сыйлыктарга сунуштар сыйлоо күнүнө 2 айга чейин кечиктирилбестен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдык маарекесин майрамдоо *күнүнө карата (25-октябрь) киргизилиши зарыл.*

Ошондуктан даярдалган 5 документ 2025-жылдын 1-майына чейин кагаз жүзүндө жана “Мамлекеттик сыйлыктар” мамлекеттик электрондук портал менен даярдалып министрликке жиберүү үчүн Окумуштуулар кеңешинин

кезектеги отурумунда тизме менен карап сунуштап берүү суранычы боюнча КУУнун КУУнун илимий иштер боюнча проректор Камчыбек уулу Мырзабектин маалыматын угуп жана талкуулап,

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-жылдын 24-апрелиндеги (Протокол №4) Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдыгын майрамдоого карата сыйлыктар боюнча комиссиясынын чечиминин негизинде сыйлоого көрсөтүлгөн төмөндөгү кызматкерлердин сыйлоо материалдары каралып сунушталсын (Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдыгын майрамдоого карата сыйлыктар боюнча комиссиясынын чечими жана талапкерлердин тизими тиркелген):

- “Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер” ардак наамына – 1 кызматкердин иш кагаздары сунушталсын;
- Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына – 2 кызматкердин иш кагаздары сунушталсын;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Ардак грамотасына - 1 кызматкердин иш кагаздары сунушталсын
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы– 1 кызматкердин иш кагаздары сунушталсын;
- Кыргыз Республикасынын “Даңк” орденине - 1 кызматкердин иш кагаздары сунушталсын.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим минстрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине – 49 кызматкердин иш кагаздары сунушталсын.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Илимдин мыктысы" төш белгисине – 3 кызматкердин иш кагаздары сунушталсын.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы – 97 кызматкердин иш кагаздары сунушталсын.

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун 44 мүчөсүнөн 43 МАКУЛ, 1 КАРШЫ, КАЛЫС ЖОК.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
№ 8.8. ТОКТОМУ

25.04.2025-ж.

1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин "Бозжол" философиялык изилдөө борбору жөнүндө жобону кабыл алуу жана бекитүү тууралуу.

2025-жылдын 6-мартында Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин отурумунда Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" философиялык изилдөө борбору (мындан ары – Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" ФИБ) уюштурулсун деген чечим кабыл алынган.

Окумуштуулар кеңешинин жогоруда көрсөтүлгөн чечимин жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдардын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы № 369 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" Уңгужолунун, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Уставынын таянымдарынын (принциптеринин) негизинде жана баяндалгандарга ылайык Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" ФИБ жөнүндө жобонун долбоору иштелип чыкты.

Жобонун долбоору Ж.Баласагын атындагы КУУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрү менен макулдашылып, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин кароосуна киргизилип жатат.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 6-мартындагы № 6 отурумунун чечимдерин жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун 2025-жылдын 12-мартындагы № 130 буйругун аткаруу максатында

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" ФИБ жөнүндө жобо кабыл алынсын жана бекитилсин.

2. Ж.Баласагын атындагы КУУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" ФИБдин андан аркы өнүгүүсүнө уюштуруучулук, административдик-чарба жана башка жактан керектүү көмөк көрсөтүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө КУУнун илимий иштери боюнча проректору Камчыбек уулу Мырзабекке жана КУУнун административдик-чарба иштери боюнча проректору Б.К. Айтахуновго жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы,
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы,
доцент — Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар Кеңешинин отурумунун

№ 8.12. ТОКТОМУ

25.04.2025-ж.

3. Ар түрдүү маселелер.

Докторлук диссертациялардын темаларын бекитүү жана илимий консультанттарды дайындоо.

*(Жооптуу илимий иштери боюнча проректор Камчыбек уулу Мырзабек)*

Изденүүчүлөрдүн докторлук диссертацияларынын темаларын бекитүү жана илимий кеңешчилерин дайындоо жөнүндө Илимий иштер боюнча проректор Камчыбек уулу Мырзабектин маалыматын угуп жана аны талкуулагандан кийин,

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Изденүүчү Джумагазиева Нуржан Курманбековнанын 10.01.10 - журналистика багыты боюнча “Проблемы окружающей среды в публицистике Кыргызстана” аттуу докторлук диссертациясын жазуу боюнча мурунку илимий кеңешчиси филол.и.д., проф. Кацев Александр Самуилович өлкөдөн чыгып кеткендигине байланыштуу филол.и.д., проф., КР УИАнын корр.-мүчөсү Бакашова Жылдыз Камеловнаны илимий кеңешчи болуп бекитилсин.
2. Изденүүчү-докторант Шалпыкова Айдана Абдыкаимовнанын 12.00.01- мамлекеттин жана укуктун теориясы менен тарыхы; укуктук окуулардын жана мамлекеттин тарыхы багыты боюнча “Проблемы правового регулирования банковской деятельности в Кыргызской Республике: теоритические и практические аспекты” аттуу докторлук диссертациясынын темасы жана илимий кеңешчиси болуп ю.и.д., проф. Аманалиев Урмат Олжобекович бекитилсин.
3. Изденүүчү Шейшеканов Турдубек Бейшенакуновичтин_07.00.02 - Ата Мекен тарыхы багыты боюнча “Кыргызстандагы улуттук-боштондук кыймылдарындагы жол башчылардын тарыхтагы орду жана ролу (19-к. экинчи жарымы-20к. башы)” темасынан “Кыргызстандагы 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүштүн жол башчыларынын, жетекчилеринин тарыхтагы орду жана ролу” аттуу темага өзгөртүү жана Мурунку илимий кеңешчиси т.и.д., проф. Омурбеков Токторбек Наматбекович каза болгондугуна байланыштуу т.и.д., проф. Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбековичти илимий кеңешчиси болуп бекитилсин.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

№ 8.13. ТОКТОМУ

25.04.2025-ж.

3. Ар түрдүү маселелер.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2025-2026-окуу жылына карата Кабыл алууну уюштуруу жөнүндө.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2025-2026 окуу жылына карата Кабыл алууну уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун Тартибинин (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 21-майындагы № 256 токтому менен бекитилген) негизинде

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2025-2026-окуу жылына карата Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына Математика жана информатика институтунун директору Усенов Изат Абдраевич бекитилсин.
2. Кесипке багыттоо иштеринин сапатын жогорулатуу жана үзгүлтүксүздүгүн камсыздоо максатында кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысынын орун басарлыгына КУУнун Практика жана карьера борборунун директору бекитилсин.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова